# САГЫНГАН БОЙДОН ЖҮРӨМ

Сөзү: Бактыгүл Чотурованыкы
Обону: Түмөнбай Колдошовдуку
2013-жыл, 21-март
Аткаруучу: Надира Сарыкова

Көп элес өчпөстөн эсте баары,
Көңүлдүн калса да бөксө жагы.
Мезгилдер карматпай өтсө дагы,
Мен сени сагынган бойдон жүрөм.

Жүрөктүн буйругу башкачабы,
Жүрсө да тагдырдын канча тагы.
Жашынып жаштыгым калса дагы,
Мен сени сагынган бойдон жүрөм.

Жыргатпай куу турмуш сонунуна,
Жылдарды койсо да орунуна.
Мончоктой тагынып моюнума,
Мен сени сагынган бойдон жүрөм.